DOI: 10.33942/sititpr202261 **УДК 371.035.6**

# ПАТРИОТИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ ПОДРОСТКОВ СРЕДСТВАМИ СОЦИАЛЬНО-КУЛЬТУРНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

**Келдибекова Н. К.**
*КГУКИ им. Б. Бейшеналиевой, преподаватель*

***Аннотация.*** *Данная статья посвящена актуальной на сегодняшний день проблеме воспитания патриотических чувств у подрастающего поколения. При этом, автор статьи рассматривал социально-культурную деятельность как способ формирования патриотических чувств у молодежи. Проанализированы различные подходы к определению понятия «патриотизм» и обоснована актуальность исследования проблемы формирования патриотизма в современном обществе. Раскрыто понятие средства социально-культурной деятельности, а также обоснована их эффективность в процессе работы с подростками.*

***Ключевые слова:*** *подростки, патриотизм, средства социально-культурной деятельности, духовно-нравственные ценности.*

# PATRIOTIC EDUCATION OF ADOLESCENTS BY MEANS OF SOCIO-CULTURAL ACTIVITIES

**Keldibekova N. K.**
*KSUKA them. B. Beishenalieva, lecturer*

***Abstract.*** *This article is devoted to the current problem of educating patriotic feelings among the younger generation. At the same time, the author of the article considered socio-cultural activities as a way of forming patriotic feelings among young people. Various approaches to the definition of the concept of "patriotism" are analyzed and the relevance of the study of the problem of the formation of patriotism in modern society is substantiated. The concept of a means of social and cultural activity is disclosed, and their effectiveness in the process of working with adolescents is substantiated.*

***Key words:*** *adolescents, patriotism, means of social and cultural activities, spiritual and moral values.*

# СОЦИАЛДЫК-МАДАНИЙ ИШ-ЧАРАЛАР АРКЫЛУУ ӨСПҮРҮМДӨРДҮ ПАТРИОТТУУЛУККА ТАРБИЯЛОО

**Келдибекова Н. К.**
*Б. Бейшеналиева атындагы КММжИИ, окутуучу*

***Аннотация.*** *Бул макала өсүп келе жаткан жаш муундардын арасында патриоттук сезимдерди тарбиялоонун бүгүнкү күндөгү актуалдуу көйгөйүнө арналган. Ошол эле учурда макаланын автору социалдык-маданий иш-чараларды жаштар арасында патриоттук сезимдерди калыптандыруунун бир жолу катары караган. "Патриотизм" түшүнүгүн аныктоодо ар кандай ыкмалар талданып, азыркы коомдо патриотизмди калыптандыруу көйгөйүн изилдөөнүн актуалдуулугу негизделген. Социалдык-маданий ишмердүүлүктүн каражатынын түшүнүгү ачылып берилген, жана дагы өспүрүмдөр менен иштөө процессинде алардын натыйжалуулугу негизделген.*

***Негизги сөздөр:*** *өспүрүмдөр, мекенчилдик, коомдук-маданий ишмердүүлүктүн каражаттары, руханий-адептик баалуулуктар.*

**Актуалдуулугу:** Бүгүнкү күндөгү эң актуалдуу көйгөйлөрдүн бири – өз өлкөсүнүн келечектеги патриотун тарбиялоо. Бул көйгөй динине, расасына, жынысына, маданиятына, руханий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө карабастан бардык адамдарды камтыйт жана бул көйгөй биринчи кезекте жаштарга тиешелүү.

Бир жагынан, 2014-жылдын 9-декабрындагы №698 “Кыргыз Республикасындагы жарандык-патриоттук тарбиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жөнүндө токтомуна ылайык өспүрүмдөрдү патриоттуулукка тарбиялоо маселеси өлкөнүн улуттук, ошондой эле конкреттүү адамдын коопсуздугун камсыз кылуу маселесинде маанилүү орунду ээлейт. Демек, Кыргызстанды сүйүүгө, анын тарыхын билүүгө болгон муктаждыкты калыптандыруу бүгүнкү күндө билим берүүнүн орчундуу маселелеринин бири болуп саналат. Анткени, патриотизм улуттук идеянын, маданият менен илимдин олуттуу түзүмдүк жана ажырагыс бөлүгү.

Башка өңүттөн алып караганда, азыркы учурда коомдун саясий, социалдык-экономикалык, социалдык-маданий чөйрөлөрүндө түп-тамырынан бери кайра куруулар жүрүп жатат, кыргыз айыл калкынын тарбия берүү дарамети, улуттук баалуулуктарды сактап калуу, мекенчилдикти калыптандыруу жөндөмү азайган.

Өспүрүмдөрдү тарбиялоо көйгөйүнө кайрылып жатып, коомдук активдүүлүктү жана инсандын чыгармачылык дараметин өнүктүрүү негизги милдети болуп саналган маданий эс алуу борборлорунун ишмердүүлүгүн белгилей кетүү керек. Андыктан, билим берүү мекемелеринде, эс алуу борборлорунда өспүрүмдөрдү патриоттукка тарбиялоо, окуучуларды кызыктыруу боюнча программаларды өткөрүү эң маанилүү.

Ч. Рыспаева белгилегендей, окуу мекемесиндеги окуу процесси жана аны жакшыртуунун натыйжалуу жолдору түздөн-түз окучуулардын мотивациясынан көз каранды, анткени мотивдер материалды үйрөнүү жана өздөштүрүү процессинин кыймылдаткыч күчтөрү болуп саналат. Билим алуу мотивациясы – бул инсандын билим алуунун өзүнчө предметине да, бүткүл билим берүү процессине да болгон мамилесин өзгөртүүнүн бир топ татаал жана бүдөмүк процесси. Ошол эле учурда окууга болгон мотивация инсандын өзгөчөлүктөрүнөн жана индивиддин социалдык ролдорунан көз каранды [7].

Тажрыйба көрсөткөндөй, окуучулардын иш-аракетинин мотивациялык чөйрөсүнүн стихиялуу калыптанышы менен алардын көбүндө натыйжалуу билим алуу үчүн зарыл болгон мотивдер калыптанбайт.Тактап айтканда, мотивациясы жок мугалим окуучуларын шыктандыра албайт. Демек, мектеп жана мугалимдер окуучулардын иш-аракетинин мотивациялык чөйрөсүн калыптандыруу процессин өз көзөмөлүнө алышы керек [8]. Ал өз кезегинде өспүрүмдөрдү патриоттуулукка тарбиялоого салым кошот.

Биз өспүрүмдөрдү мекенчилдикке тарбиялоо маселелерин изилдеп жатып, Ф.Ф.Бакметов, Н.В.Молчанова, Н.Г.Тимакова, У.С.Понкин сыяктуу коомдук-маданий ишмердүүлүктү изилдөөчүлөрдүн пикирлерине таяндык [1]. Авторлор бул маселени чечүү практикалык гана эмес, илимий-теориялык жактан дагы, социалдык-маданий

ишмердүүлүктүн заманбап каражаттарын иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун негизинде гана турмушка ашырылууга тийиш экендигин белгилешет.

Андан ары биз “социалдык-маданий ишмердүүлүктүн каражаттары” түшүнүгүн талдоого кайрылабыз. В.А.Монатырскийдин пикири боюнча, “Социалдык-маданий ишмердүүлүктүн каражаттары — бул маданий эс алуу мекемелеринин кызматкерлери өндүрүштүк ишмердүүлүк процессинде пайдаланган идеялык-эмоционалдык таасирдин “куралдарынын жыйындысы”” [4]. М.А.Ариарский маданий баалуулуктарды түзүү, өздөштүрүү, сактоо, жайылтуу жана андан ары байытуу процессинде адамдарды маданият дүйнөсүнө тартуунун булактары жана куралдары катары социалдык-маданий ишмердүүлүктүн каражаттарын карайт [4].

Биздин иликтөөбүздө Т.Т.Фисюк, Т.В.Козлова сыяктуу окумуштуулардын пикирлерине таяндык, мында маданий эс алуу ишмердүүлүгүнүн каражаттары – бул маданият мекемелерине келгендердин аң-сезимине, сезимдерине жана эркине таасир берүү максатында маңызын жеткирүүнүн жолдору (каналдары) же ыкмалары (идеялар, илимий көз караштар, окуялар, фактылар, образдар, турмуштук мисалдардын көркөм чыгармалары) катары көрсөтүлөт [4].

Социалдык-маданий ишмердүүлүктүн негизги каражаттарына: оозеки каражаттар (жандуу сөз, оозеки сөз); көрсөтмө жана техникалык каражаттар, маданият жана спорт, адабият жана көркөм ышкыбоздук, өткөрүү үчүн шарттар кирет. Чындыгында, бардык каражаттар бири-бири менен тыгыз байланышта, алар белгилүү бир таасир этүүчү объекттини (мектепке чейинкилер, өспүрүмдөр, жаштар, студенттер, пенсионерлер ж.б.), ошондой эле программанын максаттарын эске алуу менен тандалат.

Ошентип, «социалдык-маданий ишмердүүлүктүн каражаттары» түшүнүгүн изилдөөнүн негизги ыкмаларын талдоо төмөндөгүлөрдү негиздөөгө мүмкүндүк берди: азыркы учурда социалдык-маданий ишмердүүлүктүн заманбап каражаттары олуттуу куралдарга ээ, бул актуалдуу коомдун көйгөйлөрүн, алардын бири болгон өспүрүмдөрдүн патриоттук тарбиясын калыптандыруу сыяктуу маселелерди чечүүгө мүмкүндүк берет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында Кыргызстандын эли адам укуктарын урматтоого жана коргоого негизделген эркин жана демократиялык мамлекетти куруу максатына өзүнүн берилгендигин ырастайт; кыргыз мамлекеттүүлүгүн өнүктүрүүгө жана чыңдоого, мамлекеттик эгемендүүлүктү жана элдин биримдигин коргоого кебелбес ишенимди жана бекем эркти билдирет; укуктун үстөмдүгүн орнотууга, ошондой эле социалдык адилеттүүлүктү, элдин экономикалык жыргалчылыгын жана руханий өнүгүүсүн камсыз кылууга умтулат; тынчтыкта, ынтымакта, жаратылыш менен ынтымакта жашоо ата-бабаларыбыздын осуяттарынан келип чыгат деп белгиленген.

Жарандык-патриоттук тарбия – бул инсандык сапаттарды калыптандыруунун максатка багытталган, адеп-ахлактык жактан шартталган процесси, анын ичине Ата-Мекенди сүйүүнү жана тынчтыкка умтулууну, ички эркиндикти жана мамлекеттик

бийликти, мамлекеттик символдорду сыйлоону, сезимдерин жана улуттар аралык баарлашуу маданиятын, ошондой эле саясий, моралдык жана укуктук тандоолору үчүн жоопкерчиликти күчөтүүнү, жашоодо ийгиликке жетүү үчүн жөндөмдүүлүктөрүн максималдуу өнүктүрүүнү, өзүн-өзү сыйлоону жана тартипти, улуттук сезимдердин гармониялуу чагылдырылышын камтыйт.

Жарандык-патриоттук тарбиянын негизин улуттук өзүн-өзү аңдоо, негизги жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктар жана улуттук тарбиялык идеал түзөт. Кыргыз элинин жана Кыргызстан элдеринин тарыхынын жана көчмөндөрдүн дүйнөлүк цивилизациясынын бай жана баатырдык мазмуну да патриоттук тарбиянын булагы болуп саналат.

Ошентип, жаштарды патриоттуулукка тарбиялоодо социалдык-маданий иш-чаралардын каражаттары натыйжалуу болот деген жыйынтыкка келүүгө болот.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


1. ***Бакметов, Ф. Ф.*** *Социально-культурная анимация как предиктор патриотического воспитания молодёжи / Ф. Ф. Бакметов, Е. С. Понькина // Современные проблемы науки и образования. – 2016. – № 3. – URL: http://science-education.ru/ru/ (дата обращения: 11.10.2020).*
2. ***Карпушина, Л. В.*** *Психология ценностей российской молодёжи: монография / Л. В. Карпушина, А. В. Капцов. – Самара. Изд-во «САЦ РАН», 2009 – 352 с.*
3. ***Молчанова, Н. В.*** *Патриотическое воспитание молодёжи средствами социально-культурной деятельности историко-мемориальной направленности / Н. В. Молчанова // Вестник ассоциации вузов сервиса и туризма: Науки об образовании. – 2017. – URL: https://cyberleninka.ru/ (дата обращения 11.10.2020).*
4. *Социально-культурные технологии в индустрии досуга: учебно-методическое пособие / сост. Т. Т. Фисюк.. – Барнаул: Изд-во АГИК, 2018. – 195 с.*
5. ***Тимакова, Н. Г.*** *Социально-педагогические условия патриотического воспитания студенческой молодёжи в процессе культурно-досуговой деятельности : спец. 13.00.05. «Теория, методика и организация социально-культурной деятельности» : дисс…. кан.. пед. наук / Тимакова Наталья Григорьева. – Казань. – 2012. – 202 с. – URL: https://www.dissercat.com/ (дата обращения 12.10.2020).*
6. ***Шульженко, М. Э.*** *Патриотическое воспитание современной молодежи / М. Э. Шульженко. — Текст : непосредственный // Молодой ученый. — 2017. — № 47 (181). — С. 240-243. — URL: https://moluch.ru/archive/181/46664/ (дата обращения: 16.10.2020).*
7. ***Рыспаева Ч. К.*** *Учебная мотивация студентов как психолого- педагогическая проблема// Наука и инновационные технологии. №2/2020 (15)- Бишкек,2020,-С.165-173*
8. ***Рыспаева Ч. К.*** *Факторы формирования мотивации учебной деятельности у младших школьников// Международный академический журнал «Webofscholar». №6(15), Киев,2017,-С.71-74*
9. ***Селевко Г.К.*** *Энциклопедия образовательных технологий: В 2 т. / Г.К. Селевко. – М.: НИИ школьных технологий, 2006. – Т. 2. – 816 с. – (Серия «Энциклопедия образовательных технологий»).*
10. *Теория воспитания. Лабораторно-практические занятия для студентов: Учебное пособие / Под ред. И.А. Тютьковой. – М.: «РИО» Мособлупрполиграфиздата, 2000. – 173 с.*
11. ***Ушинский, К.Д.*** *Избранные педагогические сочинения: В 2 т. – М., 1974.*


Рецензент: к.п.н. Рыспаева Ч.К.
30.04.2022г.